УДК 37.+342.725.3+93/575.2
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-232-237

**ШАПЕТОВА Б.Т., АБДЫЛДАЕВА Д.К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ШАПЕТОВА Б.Т., АБДЫЛДАЕВА Д.К.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**SHAPETOVA B.T., ABDYLDAEVA D.K.**
KNU J. Balasagyn

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БИРИНЧИ АГАРТУУЧУ-ИЛИМПОЗУ

## ПЕРВЫЙ УЧЕНЫЙ-ПРОСВЕТИТЕЛЬ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

## THE FIRST KYRGYZ EDUCATER AND SCIENTST

**Кыскача мүнөздөмө:** XX кылымдын биринчи жарымында жаратман аракетте болгон кыргыздын чыгаан уулу, саясий жана коомдук ишмер, илимпоз агартуучу Ишеналы Арабаевдин баскан жолу, элине арнаган баа жеткис эмгеги жөнүндөгү ойлор макаланын өзөгүн түзөт. Ал өзүнүн артында кийинки муундар үчүн өрнөктүү из калтырды.

**Аннотация:** Сущность данной статьи состоит в размышлении о великом сыне кыргызов первой половины XX века, политическм и общественном деятеле, ученом-просветителе Ишеналы Арабаеве. Он своим созидательным трудом оставил после себя бесценный опыт для подражания последующими поколениями.

**Abstract:** The essence of this article is fo reftect on the Kyrgyz in the first halt of the 20th centiru, a political public figure and scienfist educator Ishenaly Arabaev. His creative work, he left invaluable experience for bening cubsequent generation to follow. He lest behiad with his creative work invaluable experience to follow for cubsequent generations.

**Негизги сөздөр:** Кара-Кыргыз автономиялуу областы; көрүнүктүү инсандар; саясий ишмер; тарых барактары; мамлекеттүүлүк; залкар инсандар; алиппе; өлбөс-өчпөс издер; тарыхый процесс; улуттук кызыкчылыктар; өрнөктүү из; мекен; эстутум.

**Ключевые слова:** Кара-Киргизская автономная область; видные деятели; политический деятель; страницы истории; государственность; выдающиеся личности; букварь; неугасаемый след; исторический процесс; национальные интересы; бесценный опыт; родина; память.

**Keywords:** Kara-Kyrgyz automous region, prominent figures; political ficure; pages of history; state hood; outstanding personalities; primer; ufading fraces; historical process; national interests; invaluable experience; homeland; memory.

Ишеналы Арабаев кыргыз элинин тарыхына, маданиятына эбегейсиз салым кошкон чыгаан инсандардын бири экендиги талашсыз. Ал эми кыргыз илимпозунун жана агартуучусунун эмгектери бүгүн күнү өзүнүн чыныгы баасына татыктуу бааланды. Билимге жөндөмдүү Ишеналы мектепти аяктаган алгачкы жылдардан бери эле айылдагы мектептердин биринде мугалим болуп иштейт. 1910-1913-жылдары Оренбургда Кусейни медресесинде окуп, андан соң Уфада атактуу Галия медресесинде окуусун уланткан. Айрым маалыматтарга караганда, ал Мекке менен Мединага зыярат кылып, Стамбулда да окуган.

Педагог К. Сарсекеев менен биргеликте казак жана кыргыз балдары үчүн «Алиппе» же болбосо «Тез окууну үйрөтүү» аттуу биринчи китебин («Алип бее жаки тете окуу») жарыкка чыгарды, ал Уфа шаарындагы «Шарк» басмасынан жарык көргөн. 1911-жылы Ишеналы Арабаев акын-жазуучу, ойчул Молдо Кылычтын “Кыса зилзала” китебине баш сөз жазып, Казан шаарынан бастырып чыгарган. Бул поэмада Кемин районунда болгон катуу жер титирөө: талкаланган айылдар, тургундардын көз жашы жана азап-кайгы жөнүндө айтылат.

1912-жылы И. Арабаев «Жазуу өрнөктөрү» китебин чыгарып, анда орфографиянын жаңы ыкмасын иштеп чыккан. Бул китеп дароо эле мугалимдерге таркатылып, таасирдүүлүгү менен казак элинин арасында чоң суроо-талапка ээ болгон. Арабаев ошол эле жылы «Айкан» журналынын

биринчи санына жарыяланган «Орунбордон Ташкентке чейин» («Оренбургдан Ташкентке») очерки жарыкка чыгат.

И. Арабаев Уфадан кайтып келгенден кийин жердештеринин сабатсыздык маселесин чечип, алган билимин кыргыз балдарына берип, Нарын, Каракол шаарларында мектептерди ачып, мугалимдик ишмердүүлүк менен кызуу алектенет.

Улуттук-боштондук күрөштүн жылдарында агартуучу бүткүл кыргыз эли сыяктуу эле Кытайга качууга аргасыз болгон. Октябрь революциясынан кийин мекенине кайтып келип, Кытайдан тентип кайткан жердештерине колдоо көрсөтүп, Алаш партиясынын Пишпек бөлүмүндөгү ячейкаларынын бирин жетектеп, кайрымдуулук иштери менен да алектенген. И.Арабаев казак агартуучусу, саясий ишмер, «Алаш» партиясынын лидери Ахмед Байтурсунов менен жакшы мамиледе болуп, казак интеллигенциясынын арасында өтө таасирдүү, кадыр-барктуу инсан болгон.

Кыргыз агартуучусу Совет бийлигин орнотууга өзүнүн салымын кошкон. Ишеналы Арабаев жетектеген “Алаш” партиясында Дүр Соронбай уулу, А. Сыдыков, И. Айдарбеков, К. Тыныстанов сыяктуу чыгаан инсандар, эл уулдары өз жардамдарын беришти. Д. Байжанов, И. Шайбеков, И. Шабданов жана башка баш болгон Ишеналы Арабаев В.И. Ленин Кытайдан келген качкындарга жана ал жактан кайтпай калган Пржевальский, Нарын, Токмок, Пишпек райондорунун жашоочуларына жардам керсөтүү жана аларга уй-жайын кайтарып берүү менен өзгөчө көңүл буруу өтүнүчү менен кайрылган. Кийинчерээк алардын өтүнүчү аткарылып, жардамдар көрсөтүлүп, каржылык колдоолор бөлүнгөн. Алтургай Ишеналы Арабаев өз элинин тагдырына кайдыгер карабагандыктан, калган кыргыздарды кайтаруу максатында Кытайга бир-эки жолу барган. Албетте, мындай оор операция өзгөчө жоопкерчиликти, кайраттуулукту жана чечкиндүүлүктү талап кылган, бирок Кыргызстандын элине болгон өзгөчө сүйүү жана камкордук аны ушундай олуттуу кадамга барууга аргасыз кылды.

Белгилүү жазуучу Ж. Алыкулов «Эркин Тоо деп ким атады» деген макаласында мындай деп жазат: «Ал жөнүндө Кытайдагы кыргыздар көп уккан, Молдо Кылычтын «Кыргыз алиппе», «Жер титирөө» китептери да популярдуу болгон,

1916-жылдагы уркүндөгү качкындарга Ишеналы Арабаев жеке салымын кошкон. Ошентип, 1920-жылы 300 миң кыргыз жана казак өз мекенине кайтып келген. 1921-1924-жылдары агартуучу коомдук-саясий иштерге активдүү катышып, көптөгөн съезддерге, союздарга катышып келет. 1924-жылдын январь айында мурда, 1920-жылдын 17-августундагы Бүткүл Союздук БАКтын сессиясында “Түркстанды административдик жактан бөлүштүрүү жөнүндө” кабыл алынган токтомдун негизинде Орто Азиядагы жооптуу кызматкерлердин улут маселесине арналган жыйыны өткөрүлөт. Анда Ишеналы Арабаев чыгып сүйлөйт. Ал кыргыз улутуна тийешелүү маселе көтөрүп, кыргыздар өз алдынча улут экендигин баса белгилейт. Тилекке каршы, кыргыздардын улут катары эч жерде эске алынбагандыгын айтып сындаган. Кыргыздар өз автономиясын түзүүсү тууралуу сунуш киргизип, маселени күн тартибине койгон. Бирок ошол жыйында И. Арабаевди колдогондор азчылыкты түзүп калгандыктан кыргыздар ээлеген аймакты Казак Республикасынын алкагына киргизүү сунушу жактырылган. Ошондой болсо да жогоруда кеп болгон жыйындан кийин көп мезгил өтпөдү. Ошол эле 1924-жылы, октябрь айынын 14үндө Москвада өткөн Бүткүл Союздук БАКтын XI чакырылышынын экинчи сесиясында Орто Азия элдеринин улуттук бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алынат. Кара кыргыз автономиялуу облусу түптөлүп РСФСРдин курамына киргизилет. Жаңы Кара кыргыз автономиялуу облусунун большевиктик-партиялык жетекчилигине Михаил Каменский (1889-1963) дайындалса, облустун революциялык комитетинин (ревком) төрагалыгына Иманалы Айдарбеков бекитилген.

Кыргызстан 1925-жылдын 25-майынан тарта Кыргыз автономиялуу облусу, 1926-жылдын 1-февралынан баштап Кыргыз АССРи аталган [1].

1924-жылдан Кара-Кыргыз областынын академиялык борборунун председатели. Орто Азия университетинде тарых жана адабият, кыргыз жана казак тилдеринен сабак берген. Белгилей кетсек, Ишеналы Арабаев «Эркин-Тоо” гезитинин өнүгүшүнө зор салым кошкон; Гезиттин биринчи санына редактордун кириш сөзүн жазган. 1925-жылы башталгыч класстар үчүн арифметика, табият тарыхы боюнча окуу куралдарын түзүп, ошондой эле географиянын баштапкы курсун, коомдук-саясий адабияттарды кыргыз тилине которгон.Кыргыз окумуштуусу фольклорду жыйноого зор салым кошкон.

Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлүшү Ишеналы Арабаев (1882-1933) сыяктуу өзүнүнүн көрүнүктүү инсандарын – өз каармандарын эл алдына алып чыкты жана алардын жаратман мээнеттеринин өлбөс-өчпөс издери тарых барактарында алтын тамга менен жазылып калды. Атай кетсек: Жусуп Абдрахманов (1901-1938), Абдыкерим Сыдыков (1889-1938), Иманалы Айдарбеков (1884-1938), Абдыкадыр Орозбеков (1889-1938) сыяктуу саясий жана коомдук ишмерлердин Кара кыргыз автономиялуу облусунун түптөлүшүндөгү орду опол тоодой. Алардын арасында Ишеналы Арабаев окумуштуу, агартуучу эле эмес саясий да, коомдук да ишмер катары иш алып баргандыгы жалпыга белгилүү.

1917-жылдагы Улуу Октябрь Социалисттик Революциясы тарыхый өңүттөн алып караганда Кыргызстан сыяктуу бүгүнкү өнүгүп жаткан өлкөлөрдүн келечегине жол ачты. Бирок, чабылган жол даңгыр болуп кетпеди. Совет бийлиги орногондон кийин, албетте, улуттук чек ара маселелерин жөнгө салуу көйгөйү келип чыкты. Мындан улам 1920-жылдын 17-августунда Бүткүл Союздук Борбордук Аткаруу Комитенинин (БАК) сессиясында "Түркстанды административдик жактан бөлүштүрүү жөнүндө" токтом кабыл алынган. СССРдин түзүлүшү 1922-жылдын 30-декабрында жарыяланат. Ошол учурда кыргыздар РСФСРдин курамындагы Түркстан АССРине кошулгандыгы маалым. Мындай кырдаалда кыргыз элинин келечеги бүдөмүк болуп, улут катары сакталып калуу же калбоо маселеси күн тартибиндеги өтө олуттуу маселелерден болуп турган. Ушундан улам бүгүнкү күндө Кара кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгынын мамлекеттик деңгээлде белгилениши тек жерден келип чыкпады.

1924-жылдын январь айында мурда, 1920-жылдын 17-августундагы Бүткүл Союздук БАКтын сессиясында "Түркстанды административдик жактан бөлүштүрүү жөнүндө" кабыл алынган токтомдун негизинде Орто Азиядагы жооптуу кызматкерлердин улут маселесине арналган жыйыны өткөрүлөт. Анда Ишеналы Арабаев чыгып сүйлөйт. Ал кыргыз улутуна тийешелүү маселе көтөрүп, кыргыздар өз алдынча улут экендигин баса белгилейт. Тилекке каршы, кыргыздардын улут катары эч жерде эске алынбагандыгын айтып сындаган. Кыргыздар өз автономиясын түзүүсү тууралуу сунуш киргизип, маселени күн тартибине койгон. Бирок ошол жыйында И. Арабаевди колдогондор азчылыкты түзүп калгандыктан кыргыздар ээлеген аймакты Казак Республикасынын алкагына киргизүү сунушу жактырылган.

Ошондой болсо да жогоруда кеп болгон жыйындан кийин көп мезгил өтпөдү. Ошол эле 1924-жылы, октябрь айынын 14үндө Москвада өткөн Бүткүл Союздук БАКтын XI чакырылышынын экинчи сесиясында Орто Азия элдеринин улуттук бөлүнүшү жөнүндө чечим кабыл алынат. Кара-Кыргыз автономиялуу облусу түптөлүп РСФСРдин курамына киргизилет. Жаңы Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун большевиктик-партиялык жетекчилигине Михаил Каменский (1889-1963) дайындалса, облустун революциялык комитетинин (ревком) төрагалыгына Иманалы Айдарбеков бекитилген.

Кыргызстан 1925-жылдын 25-майынан тарта Кыргыз автономиялуу облусу, 1926-жылдын 1-февралынан баштап Кыргыз АССРи аталган.

Жогоруда айтылып кеткен окуяларга кайрадан кайрылсак 1920-жылдары Орто Азияда азыркы Өзбекстан, Казакстан жана Түркмөн союздук республикалары түптөлө баштаган. Кыргыздардын казак менен өзбек элине сиңип кетүү коркунучу жаралган. Мындан улам Ишеналы Арабаев, Абдыкерим Сыдыков, Иманалы Айдарбеков, Турдалы Токбаев, Касымбай Телтаев жана Жусуп Абдрахманов сыяктуу кыргыздын каймактары жана башка чыгаан инсандар биргелешип улуттук автономияны түптөөгө умтулушат. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн кайра калыбына келтирүүнү көздөгөн кыргыздын саясий элитасы бул тарыхый процессте улуттук кызыкчылык үчүн жанын аяган эмес. Натыйжада 1924-жылы 27-октябрда Кара-Кыргыз автономиясы Россиянын курамына кошулуп, кыргыздар көз карандысыздыгын сактап калган, эгемен Кыргызстандын пайдубалын залкар инсандарыбыз түптөгөн.

Белгилүү тарыхчы Зайнидин Курманов эмгектеринде: "1924-жылы мекенчилдердин тобу нечен кылымдан кийин кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүн кайрадан калыбына келтиришкен. Алардын өмүрү ушул максат үчүн кыйылды" – деп белгилейт [1].

Өйдөтө айтылгандай, залкар инсандардын арасында кыргыз элинин алгачкы илимпоз агартуучусу Ишеналы Арабаевдин дагы өз орду бар. Ал агартуучу гана болбостон тарых барактарынын

беттеринде саясий ишмер катары да жазылып калды.

Жаратман инсан бир катар жоопту кызматтарда эмгектенет. Кыргыз мектептеринде мугалимдерди даярдап чыгара турган алгачкы курстарды түптөйт. 1924-жылы Түркстан АССРинде биринчи жолу илимий комиссия уюшулат. Ушул илимий комиссиянын жетекчилигине И. Арабаев дайындалат. Мунун артынан география сыяктуу илимдерди камтыган бир катар окуу китептерин жарыкка чыгарат. Элдик оозеки чыгармаларды жыйноо менен бирге улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунан "Манас" эпосунун вариантын жаздырып алуунун демилгечиси болот.

Ал тунгуч кыргыз алфавитин, "Кыргыз алиппесин", грамматика жана табият таануу боюнча биринчи кыргызча окуу китебин, "Сабатсыз чоңдор үчүн алиппени" жана кыргыз мугалимдерине колдонмо иретинде "Саамалык" аттуу китепче жазып, анда он бир сабактын үлгүсүн берген. Арабаевдин агартуу жаатындагы ишмердиги жалпы кыргыз элинин сабаттуу болуусуна өбөлгө болуп, ал жазган "Алиппе" улам жаңыланып отуруп азыркы кезге чейин жеткен.

Ала-Тоо Ата-Журтун кайрадан ачкан, бүркүттүн бийигинен эл-жерин жаңыча өңүттөн тааныган десек жаңылышпас элек. Ал элинин социалдык-саясий боштондукка муктаж экендигине, айрыкча, агартуунун зарылчылыгына, журтунун өзүнчө мамлекет болуп, өз эне тилин туу кылып жашоого акылуу экенине көзү жеткен. Ошондо, И. Арабаев өзүнүн төмөнкүдөй улуу сөзүн, улуу ишенимин үнү кардыкканча кыйкырып жалпыга жарыя кылган:

“Ар бир улут өзүнүн энчилүү тили болбой улут боло албайт. Бүгүнкү илим-билимдин заманында ар бир улут өз эне тили менен эзилген эмгекчилерине, жаш муундарына китептерди даярдап, ошону менен тарбия кылууга тийиш. Ал эми, андай болгондон кийин кыргыз эли бир улут экендигибизде талаш жок. Бирок Түркстандагы башка улуттардан тил жүзүндө айырмабыз барбы дегенде, ооба бар. Биринчиден, бир жарым миң жылдан бери сүйлөнүп келген кыргыз тили башка тилге аралашпастан сакталып келди деп айтсак, муну эч ким талашпас. Башка тилден сөз кирсе да, ал сөздөр кыргыз тебетейин кийген. Мисалы, өзбек, татар, башка түрк элдеринин тилин алсак, араб-фарс тилинен көп сөздөр кирген, түшүнүү кыйын. Казак тилинде да аралаш сөздөр көп учурайт. Ошондуктан казак тилин кыргызга эне тили ордуна колдонууга болбойт. Көздү жумуп, казак тилинде окуу жүргүзүү дурус эмес”.

«И. Арабаев араб тамгасынан пайдаланып, алгачкы алиппе китебин түзгөн. Толуктап, өзгөртүүлөр киргизип, 20 жылдан ашык мектеп окуучулары, чоң кишилер да ушул алиппеден сабаттуу болууга жетишкен» – деп айтылат [2].

Агартуучу "Эркин-Тоо" гезитин негиздөөгө катышып, анын биринчи санына агартуучунун калемине таандык макала чыккан. Ал тунгуч кыргыз алфавитин, "Кыргыз алиппесин", грамматика жана табият таануу боюнча биринчи кыргызча окуу китебин, "Сабатсыз чоңдор үчүн алиппени" жана кыргыз мугалимдерине колдонмо иретинде "Саамалык" аттуу китепче жазып, анда он бир сабактын үлгүсүн берген. Арабаевдин агартуу жаатындагы ишмердиги жалпы кыргыз элинин сабаттуу болуусуна өбөлгө болуп, ал жазган "Алиппе" улам жаңыланып отуруп азыркы кезге чейин жеткен.

Көпчүлүктүн көкүрөгүндө муңдуу күү болуп калган армандуу өмүрлөр, массалык өлүмдөргө алып келген репрессия курмандыктарын унутууга болбойт. Саясий куугунтук күчөп, каршылаштарынын жалаасынан улам мамлекеттик репрессия 1930-жылы "Социал-Туран" партиясын уюштурган деген жалган жалаа менен камакка алынгандардын катарында Ишеналы Арабаев да бар эле. Ал 1933-жылы 11-майда камакка алынып, Фрунзеден Ташкенттеги түрмөгө которулган. Ошол эле жылы 7-июнда эртең менен Арабаев жаткан камерага ташкенттик тергөөчү С. Левшин кирип чыккан. Ал эми кечинде камерадан Ишеналы Арабаевдин сөөгү табылган. Илимпоз 1958-жылы толугу менен акталган.

Ишеналы Арабаев – XX кылымдын башындагы залкар кыргыз илимпоз-агартуучусу, коомдук ишмер, "Алаш Ордо" партиясынын мүчөсү, советтик агартуу системасын түптөөгө зор салым кошкон автор» – деп айтылат [3].

И. Арабаевдин жогорудагы цитаталанган улут, эне тили, эне тилинде окутуп тарбия берүү жөнүндөгү философиясы кыйын-кезеңдүү тарыхый кырдаалда, кыйын учурда караңгы түндө атылган мылтыктын үнүндөй жаңырып, улуттун тагдырын, улуттун агартуусун оң жолго салууда баа жеткис роль ойногон Улуу сөз болгон. И. Арабаевдин бул улуу тарыхый акылмандыгын, мекенчил

педагогикалык концепциясын тарыхый эс тутумубузда алдейлеп сакташыбыз керек.

Ушунун өзүнөн эле көрүнүп тургандай залкар инсан Ишеналы Арабаевдин кыргыз улутунун мамлекеттүүлүгүн түптөөдө, элдин сабатсыздыгын жоюда алып барган ишмердүүлүгү анын артындагы урпактар үчүн өрнөк, караңгыдагы жол чырак, төтө жолдогу чыйыр болуп кала бермекчи. Ошол эле маалда соңку жаңы тарыхыбызда, тактап айтканда өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында Кыргызстан көз карандысыз, суверендүү мамлекет макамына ээ болгондо аз жерден өлкө урап кала жаздагынын ошол учурдагы муундун өкүлдөрү жакшы билишет.

Өмүр бою өз элинин келечегин ойлоп, балдардын жаш кезинен эне тилинде билим алышына шарт түзүп, мугалим кадрларын даярдоого салымын кошкон кыргыз элинин алгачкы окумуштуу-агартуучусу жана педагогу И. Арабаевдин педагогикалык мурастарын терең үйрөнүү керек. Ал агартуучулук тармакта мыкты ойлорду иш жүзүнө ашыруу үчүн бардык күч-аракеттерин жумшап, ак ниеттүүлүк менен чарчабай иштеп келген. Ишеналы Арабаевдин эмгектеринин тарбиялык мааниси дагы мына ушунда.

Эгер Мекениң болбосо бирөөнүн жеринде, элинде басынып жүрөрүң бышык. «Башка элдин султаны болгончо өз элиңдин ултаны бол» деп даанышман бабаларыбыз жөн жеринен айткан эместир. Ултан демекчи, бул сөздүн маанисин көбү түшүнө бербейт. «Ултан» деп маасынын таманын айтабыз. Мунун мааниси өтө терең. Маселен, бул жерде чет жерде жашап канчалык кадыр күтсөң да кадыр күтпөй эле өз элиңдин таманында жүрө бергениң артык экендиги айтылууда. Болбосо карагылачы, дүйнөдө мекени жок канчалаган бактысыз улуттар бар. 2017-жылга карата дүйнөдөгү 262 өлкөнүн ичинен 194 өлкө гана өзүнүн мамлекеттүүлүгүнө ээ. Бул деген 68 өлкө башка мамлекеттерге көз каранды дегенди билдирет. Маселен, уйгурлар Кытайга, курддар Түркияга көз каранды дегендей. Өлкө менен мамлекеттин ортосунда чоң айырма бар. Өлкөң болуп туруп мамлекеттүүлүгүң жок болсо анда кайсы Мекен жөнүндө кеп болушу мүмкүн?!

Кылымдарды карыткан кыргыз эли нечен трыхты башынан өткөрүп, бүгүнкү күнү эгендүүлүккө ээ болгон Кыргызстан болуп отурабыз. Кыргыз элинде Ишеналыга окшогон эр азаматтар чыкпаса көп улуттуу Кыргызстан башка өлкө алардын арасында өз орду бар мамлекет болот белек деген да ой пайда болот. Азыркы учурда улуттук тил үчүн күрөшөбүз бирок арабызда эне тилин билбегендер да жок эмес, орусча, англисче сүйлөп, орусча ойлонушат, бирок бул мезгилдин талабы акырындап мамлекет тарабынан тилге болгон камкордукка талап күчөп, алар да кыргызча ойлонууга,сүйлөөгө аракеттенип жатышат. Туура жол,маңдай тер менен келүүчү дасторкондон курулган аң-сезим, түшүнүк патриот атанын деле жан дүйнөсүнө таасир этет. Адамдын руху жеген азыгына жараша акыл, пикир өндүрүп чыгат. Бири бирин угушпайт, какшык, кыйынсынуу, сын тагуу, куудулдануу, чет сөз менен айтканда – демагогия жокко эсе болот. Мына ушунун өзүндө «кыргыз тили жоголуп кетет» дегенден алыс болуп, Ишеналы агабызга окшогон патриот уулдарыбыз болот жана төрөлө берет деген жакшы үмүт тилектер менен жашамакчыбыз.

Кыргызстан, бийик тоолор, Ала-Тоонун сүрөтү анын карагай-кайыңы, суулары, ажайып жаратылыштын фонундагы боз үйдүн сүрөтү менен башталат. Баланы адегенде эле Ата-Журттун атмосферасы тартып алат. Андан ары окуучуну ошо Ата-Журттун ичиндеги төрт түлүк, түркүн аталыштагы чөптөр, өсүмдүктөр, толгон-токой куштар, жан-жаныбарлар, түркүн улуттук тамак-аштар, улуттук кийимдер, кыргызча антропонимдер, үрп-адат, салттар, этнографиялык буюмдар, ар кандай элдик ырлар, тамсилдер, жомоктор, табышмактар, жаңылмачтар, макал-ылакаптар курчап калат.Улуу инсадардн эмгегин, эл кандай баалайт жана кантип сактайт? Өлкөнүн бүтүндүгү, тынчтыгы үчүн эл өзү кандай болушу керек да, эмне кылышы зарыл? Өлкөнүн келечеги үчүн элдин ынтымагы, тынчтыгы, эркиндиги, балдарынын келечеги үчүн талыкпаган күрөшү гана өлкө бүтүндүгүн камсыздай алат. Андыктан мамлекет,коом ынтымакта алга карай өнүгүү жолуна түшсөк келечек көптү үмүттөндүрөт.

Кыргыз эли ушундай чыгаан инсадарын муундан-муунга жеткирип, жасаган эмгектерин дагы да болсо даңазалай бермекчи.

Ишеналы Арабаев сыяктуу тарыхый залкар инсандарыбыз элдин эстутумунда бекем орун алып, алардын өрнөктүү өмүрү сабак катыр кызмат кылып турганда кыргыз элинин жаркыраган келечеги али алдыда деген илгери үмүт биздин элде жашайт.

**Колдонулган адабияттар**

1. Электрондук ресурс. Пайдалануу режими – https://oshshamy.kg/?p=5206 (19.09.2024).
2. Электрондук ресурс. Пайдалануу режими – https://oshshamy.kg/?p=5206 (19.09.2024).
3. Электрондук ресурс. Пайдалануу режими – https://oshshamy.kg/?p=5206 https://sputnik.kg/20210310/ishenaaly-arabaevdin-omur-bayany-1051728584.html (21.09.2024).
4. Маанаев Э., Осмонкулов А.Э. Арабаев. Кыргыз элинин алгачкы агартуучу-окумуштуусу жана саясий коомдук ишмери. – Бишкек, 2002.
5. https://kutbilim.kg/analytics/inner/arabaevdin-pedagogikalyk-kontseptsiyasy/
6. https://sputnik.kg/20210310/ishenaaly-arabaevdin-omur-bayany-1051728584.html
7. https://kutbilim.kg/news/inner/eshenaaly-arabaevdin-agartuuchuluk-ishmerd-l-g-zhana-pedagogikalyk-murastary/

**Рецензент: к.пед.н., доцент Абдрасулова Э.К.**